живут в Сирии, но приезжают в Ливан только к получению помощи. Поскольку сирийцы не могут сделать юридического или крупномасштабного бизнеса, Неформальный сектор экономики процветает. Экономические мигранты, излагающие себя как беженцев, являются огромной проблемой для обоих сирийцев и ливанцев. Ливанцы не готовы принять постоянное урегулирование сирийцев в Ливане любой ценой.

**Литература:**

1. УВКБ ООН, Сирия региональный ответ беженца, межведомственный портал совместного пользования информацией http://data.unhcr.org/syrianrefugees/country.php?id=122
2. Исследование проводилось студентами «Арабского мастера демократии и прав человека (ARMA) 2017 года» под руководством профессора д-ра Кэрол Альшарабати, Джихада Наммура и Юсефа Хачабы. http://arma-isp.usj.edu.lb/
3. The study was conducted by the students of the Arab Masters in Democracy and Human Rights (ARMA) 2017, under the supervision of Prof. Dr. Carole Alsharabati, Jihad Nammour and Youssef Khachab.



**УДК: 94(575.2)**

*Байдилдеев Ж., т.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доценти, Кыргызстан*

*Байдилдеев Ж., к.и.н., доцент КГУ им. И. Арабаева, Кыргызстан*

## Репрессияланган Түркология: Кыргызстандагы окумуштуу- чыгыш таануучулардын куугунтукталышы. (XX к. 30-жылдары)

## Репрессированная тюркология: политическое преследование ученных-востоковедов Кыргызстана.(30-е годы XX в.)

## Repressed Turkology: political persecution of scientist's orientalists of Kyrgyzstan (30th years of XX century)

***Ачкыч сөздөр: репрессия, буржуазиялык-улутчулдар, эл душмандары, «Талап» коому, Алаш-Ордо, контрреволюция.***

Советтик коомдун өнүгүшүндө Кыргызстандын XX кылымдын 30-жылдардын башындагы коомдук саясий кырдаалга көз салып, таразалай келгенде 30- жылдардын экинчи жарымында административдик- командалык система өзгөчө орунду ээлерин байкайбыз. СССРдеги калыптанган административдик–командалык система массалык жазалоо менен коштолуп, репрессияны улантууга ыңгайлуу шарттарды

түзгөн. XX-кылымдын отузунчу жылдарындагы Сталиндик бул саясат Союздук республикалардын баарына, анын ичинен Кыргызстанга да жетип, буржуазиянын идеологиясына берилгендерди издөө жана табуу иши күчөйт. Борбордогу саясатка ылайык «троцкийчилерди» оңчул жана солчул оппортунисттерди советтик партиялык жетекчилердин, интеллигенттердин арасынан издөө башталат.

Андан аз убакыт өтпөй эле 1933-жылдын 6-июнда камакка алынган белгилүү агартуучу Эшенаалы Арабаев Фрунзеден Ташкентке жеткирилген. Эртеси эртең менен анын камерасына тергөөчү Левшин кирген, ал эми кечинде болсо камерадан Арабаевдин өлүгү табылган. Анын өлүмү алигиче табышмак боюнча калууда.[8.41] 1933-жылдын июнь айында Кыргыз АССРинин ГПУсу партиялык бийликке каршы «улутчул, контрреволюциялык көтөрүшчүл» антисоветтик» уюмдун башчысы А.Сыдыковдун бети ачылгандыгын билдирет. Тергөөнүн жүрүшүндө А.Сыдыков: «Мурдагы берген көрсөтмөлөрүм боюнча өзүмдү күнөөлүмүн деп эсептейм. Бирок Кеңеш бийлигине каршы массаны уюштурган, көтөрүлүш даярдаган, Кеңеш бийлигинин 1932–1933-жылдардагы маанилүү чарбалык-саясий иш-чараларын үзгүлтүккө учураткан деген айыптарды мойнума албайм» деп билдирген.[10.155] 1933-жылдын аягында Ж.Абдрахманов «улутчулга» айланат. 1933-жылдын 14-октябрында «партияга ылайык келбеген жүрүм туруму», «Троцкисттердин таасири менен партиянын жолун бурмалаган деген айып менен партиядан чыгарылат. 1933-1935-жылдары Самарада, 1935-жылдан 1937-жылдын 4-апрелине чейин Оренбург облустук жер бөлүмүнүн мал чарба башкармасынын башчысынын орун басары болуп иштеген. Оренбург облустук мамлекеттик архивиндеги 1937-жылдагы документалдык материалдардан Жусуп Абдрахмановдун мүнөздөмөлөрүнөн, түшүнүк каттардан анын аябагандай катуу куугунтукка кабыл алынганына күбөө болобуз.[9.45] Чындыгында, Сталин, Каганович жөнүндө күндөлүгүнө сындап жазгандыгы, ал күндөлүк БКП (б) БКнын жетекчилеринин колуна тийип калгандыгы болгон. Ж.Абдрахмановдун күнөөсү Кыргызстанда ачарчылык болбос үчүн республикадан эгинди чыгарып кетүүдө жакшы аракет кылбагандыгы болгон.[1.18]

Руханий чөйрөнүн акыл-ой сферасын камтыган саясий куугунтуктоолордун башталышы отузунчу жылдардын башына таандык. 1932-жылдын 28-апрелиндеги кыргыз адабияты тууралуу Обкомдун бюросунун протоколунун материалдарында кыргыз агартуучулары жана жазуучуларынын окуу китептеринен, көркөм адабияттарынан буржуазиялык улутчулдукту, бай-манаптык идеологияны табышат.[3.87-91]

"Эл чыгармачылыгы деген аталыштагы Контрреволюциялык, улутчул бай-манаптык идеологияны алып жүргөн көркөм адабияттын кээ бир басылмаларында (Тыныстановдун ырлар жыйнагы, Карачевдин "Эрксиз күндөр", Баялиновдун ырлары, Кененсариндин ырлары, "Кызыл гүл" жыйнагындагы ырлар) маркстик-лениндик сындын жоктугунан, улуттук идеяны кайра жаратышкан."-деген тыянак чыгарышат. Булардын барын эске алуу менен ВКП(б) Кыргыз обкому Тыныстановдун ырлар жыйнагын реакциячыл поэзия катары колдонуудан алынып салынсын деген токтом чыгарган.

1933-жылдын 29-мартында партиянын Кыргыз обкомунун бюросу «Правда» газетасынын, «Пролетариаттын туусу-интернационализм жогору көтөрүлсүн» деген баш макаласын жана Мануйловдун «Правда» газетасындагы «Буржуазиялык-кулактык улутчулдуктун калдыктарын аягына чейин талкалайлы» деген макаласын

талкуулаган. Жыйынтыгында «Касым Тыныстановдун чыгармачылыгына анын кыргыз улуттук театрынын сахнасындагы драмалык оюндары жөнүндө («Манас», «Шабдан») «Правда» гезити тарабынан буржуазиялык-кулактык улутчулдуктун көрүнүшү катары берилген бааны эң туура деп тапкан.[4.30]

1933-жылы 9-июнда «Кызыл-Кыргызстан» газетасына К.Тыныстановдун «Мен баскан жол, менин чыгармам, менин бетим» деген макаласы жарыяланып, анда ал мурда «Алаш ордо» партиясынын катарында болуп, байчыл- манапчыл идеологияны жактап келгендигин, ошол көз караштардын айрымдары «Академия кечесине» кирип кеткендигин чын жүрөктөн мойнуна алып жазган. Кээ бир авторлор бул моюнга алууну ошол мезгилдеги бийлик ээлеринин кыстоосу менен жазган өңдөнтүп түшүндүрүшөт. Чынында 28-март 1933-жылдагы обкомдун токтомунда К.Тыныстанов менен Ш.Көкөновго эскертүү берүү менен тез аранын ичинде партиянын катарынан чыгаруу жана өз каталарын мойнуна алып сындап, талкуулап чыгуу сунуштары боюнча чечим чыгарышкан. Бул сөздүн да чындыгы бар экенин замандашы Кусейин Карасаев тастыктайт: “Академиялык кечеден кийин. Андан мурун деле (1932-жылдын 28-апрелиндеги обкомдун токтомун айтып жатса керек.-Ж.Б.) Касымдын башына оор күн туулду. Аны облустук партия комитети катуу кысмакка алды.(1932-33-жылдары обкомдун 1933-жылы 2 жолу Жазуучулар Союзунда иши каралды-Ж.Б.) Айласы кеткен Касым “Менин жолум, менин чыгармам, менин бетим” деп, өзүн-өзү күнөөлөп жазууга аргасыз болду. Горькийге жазган катынан деле жооп алган жок. Андан алда канча жыл мурун “Ант беребиз дагы да, социалисттик талаада” деп, ыр да жазып көрдү. Анысы деле ага жардам кылган жок.” [10.221-230]

Замандаштары баса белгилегендей Касым Тыныстановдун бул макаласы анын актануусуна аралжы боло алган жок. Каршылашкан бийликтин коңултугундагы жан-жөөкөрлөр мурдагыдан да катуу киришип, 1933-жылдын 25-июлундагы Кыргызстан Советтик Жазуучулар Союзунун комфракциясынын заседаниесинде Тыныстановчуларга каршы катуу чабуул жасашат. Алаш-Ордонун ишин улантуучу К.Тыныстановду партиянын катарынан чыгарууну сураныышкан.[5.13-18]

Отузунчу жылдардагы белгилүү адабиятчы жана агартуучу Байсерке Калпаков дагы кыргыз адабиятынын көрөңгөсүн байытып жаткан мезгилде анын чыгармачылыгынан да кыйкым таап куугунтуктоолорго тушугат. 1930-жылдардын башында өлкөбүздө колхоз курулушу башталып, тап күрөшүү курчуп турган мезгилде, анын капшабы Байсерке Калпаковго дагы тийип, “Сагынам” деген ырында саясий ката бар деп, талкууга алынат. Бул ырында:

*Көлүм турат байыркыдай жайкалып,*
*Көрбөсөм да көңүлүмдө байкалып.*
*Элим турат байыркыдай малы жок*
*Кайда кеткен чарбалары чайкалып”,*- деген эмнеси?

Мында: “Эл мурадагы заманда бай эле, эми Совет доорунда жардыланып кетти” деп жатпайбы?! Сыяктуу караланууларга тушугат. Анын балалык чагы орус оторчулугу орногон падышалык россиянын мезгилинде өтүп, ошол мезгилдеги кыргыз пейилин, улуттук каада-салтыбызды, кереметтүү жерибизди, ыйык көлүбүздү сыпаттаган бул ыры Советтик идеологияга карама каршы келип, “Сагынам” ырындагы төмөнкү саптарын кармап алгачкы куугунтукка кабылат.

*“Эстегенде, ошол күнүм сагынам,*
*Кайра келбейт, сагынганда не кылам?*
*Кайра келсең, кантээр элем, балалык?*
*Санаты жок сап алтынга баа кылам”.*

Мунун аркасында эски заманды көксөп жатат деген кине менен Байсерке Калпаков 1930-жылдын башында “Кызыл учкундун” катарынан чыгарылат. Ошол мезгилдерде Казыбек казалчыга окшогон бир топ акындар эски замандын жарчысы жана бай-манаптын тукуму катары алыскы Оренбург жана башка жерлерге сүргүнгө айдашкан.

Чынында Б.Калпаковдун куугунтукталышы К.Тыныстанов менен байланыштуу болуп, казак интеллигенциясы менен бирдикте негизделген “Талап» кыргыз маданиятын өнүктүрүү коомун” негизги максаттары жана ишмердүүлүгү аркылуу кыргыз элинин маданий өнүгүшүнүн жолуна көмөктөшүү болгон. Аларды ишке ашыруу үчүн коом алдыга төмөндөгү милдеттерди койгон:

а) Кыргыз адабий тилин жана терминологиясын, орфографиясынын өнүктүрүү маселелерин иштеп чыгуу ж.б.;

б) Улуттук искусствону окуп үйрөнүү;

в) Кыргыз элинин жашоо тарыхын окуп үйрөнүү;

г) Кыргыз мектептеринде окутуунун маселелерин иштеп чыгуу;

д) Кыргыз илимий ишине жана кыргыз искусство ишмерлерине жардамдарды берүү; [2.124]

Мына ушундай 1938-жылдагы күчөгөн репрессиянын ырайымсыздыгы эми акыл- ой сферасын да каптайт. 1938-жылдын 8-майындагы Кыргызстандын КП(б) БК бюросунун чечими менен китеп авторлорунун, ошондой эле «эл душмандарынын», «буржуазиялык улутчулдардын» узун тизмеси бекитилип, бул тизмеге Ж.Абдрахманов, О.Алиев, Т.Айтматов, Ж.Абдуллин, М.Белоцкий, Т.Жолдошов, Е.Поливанов, Б.Данияров, Х.Жээнбаев, Б.Исакеев, А.Идирисов, К.Камбаров, С.Сарманов, А.Токомбаев, К.Тыныстанов, И.Тойчинов, А.Орозбеков, Р.Шүкүрбеков, А.Шабданов, Э.Эсенаманов ж.б. кирген [6.182-184] Жогорудагы тизмеге түшкөндөрдүн мындайча айтканда «эл душмандары», «улутчул буржуйлар» - деген атка конгон авторлордун китептерин сатууга тыюу салынган.[7.43]

Антсе да, эрктүү мамлекетибиз болсо деген элдин кылымдардан берки көксөөсүн ишке ашыруу үчүн күрөшүп, Союздук тутумдагы кыргыз-совет мамлекеттүүлүк идеясынын пайдубалын түптөшкөн ушул муун кыргыз эли үчүн руханий чөйрөнү жаратып, көз карандысыздык идеясын түптөөгө аракет кылышкан. Андыктан, алардын көбү ошол бийлик саясий куугунтукка алып, партиядан чыгарып, керек болсо «эл душманы» деп атып жатканда да өз эрктери менен эркин мамлекеттин келечегине берилген бойдон калышкан. Бүгүнкү бийиктиктен алып караганда, тарыхтан калган сабак, өткөндөн калган өкүт катары кабылдашыбыз зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдрахманов Ю.1916. Дневники.Письма к Сталину.-Фрунзе,1991,
2. Жангуттин Б. Мой казак, ненастья час настал.- Алматы.,-2016. 124-С.
3. КР БМ КСДА.Ф.10.Оп.2.д.415.л.87-91.
4. КР БМ КСДА. Ф.56.Оп.4.д.639.л.30.
5. КР БМ КСДА. Ф.10. Оп.1.Д.514.л.13-18.
6. КР БМ КСДА. Ф.56. оп.4. д.81.б.104. бб.182-184.

7. КР БМ КСДА. Ф.56, оп.4, д.88, б.43
8. Маанаев Э,Осмонкулов А. Э.Арабаев-кыргыз элинин алгачкы агартуучусу жана саясий-коомдук ишмери.-Бишкек. 2002.
9. Оренбург облустук мамлекеттик архиви. Ф.1081 оп. 1. Сб.14 .
10. Плоских В, Курманов З., Бегалиев У. Кыргызстандын улуттук лидери-Абдыкерим Сыдыков.-Бишкек,-1999.-155-б.
11. Ысык-Көл облустук мамлекеттик архиви. Ф. 1041. Оп. 1. д.9. л.221-230.



**УДК: 37.012.3 (6)**

*Бөтөнөев Ж.С., т.и.к., ОшМУнун доценти, Кыргызстан*
*Эркебаев Э.М., филос.и.к., ОшМУнун доценти, Кыргызстан*

*Бөтөнөев Ж.С., к.и.н., доцент ОшГУ, Кыргызстан*
*Эркебаев Э.М., к.филос.н., доцент ОшГУ, Кыргызстан*

## Орус африка таануучулары жана алардын айрым эмгектериндеги африка өлкөлөрү жөнүндө маалыматтарга талдоо

## Анализ некоторых трудов русских африканистов

## Russian-African and in their working periods analyses about information's of the African Countries.

Бул илимий макалада орус африка таануучулары жана алардын эмгектериндеги африка өлкөлөрү тууралуу маалыматтар талдалат.
**Ачкыч сөздөр:** Орус, африка, африка таануучулар, африка өлкөлөрү, илимий эмгек, маалымат, талдоо.

В данной статье анализируются материалы по вопросам африканистики в работах русских африканистов.
**Ключевые слова:** русские, Африка, африканист, африканские страны, научный труд, сведения, анализ

This scientific article is about Russian-African and on their working periods will analyze of African Countries information.
**Key words:** Russian, African, African Ccountries, work, information, analyze.

Учурда Африка материгинде 60ка жакын мамлекет болсо, алардын ар бири өздөрүнүн географиялык жайгашуусуна, башкаруу системасына, экономикалык потенциалына ж.б.у.с. мүмкүнчүлүктөрү менен өзгөчөлүктөрүнө карап өнүгүп жатышат.